Туйту Каракеев атындагы орто мектебинин Башталгыч класстар секциясынын 2021-2022-окуу жылындагы отурумунун токтому

Токтом №1

Катышты -6

Өтүү күнү- 24-август.

Каралуучу маселелер:

1. 2021-2022-окуу жылы үчун секциянын жылдык планын бекитүү.
2. 2021-2022-окуу жылына календардык пландарды түзүү,бекитүү
3. Окуу кабинеттерин жасалгалоо боюнча талкуу.

Усупова А.С-секция жетекчиси:

1.2021-2022-жылындагы секция ичиндеги алып барылуучу иштердин планын түзүлгөн.Азыр аны менен таанышып, ошого кошумча-алымчаларды киргизели.Андан тышкары өтүлүүчү ачык сабактардын,класстык сааттардын пландары да даярдалган.Сунуш-пикирлериңерди айткыла.

Кулманбетова Г.Б: План менен тааныштык.План туура түзүлгөн.Эми ушул план менен иш алып барышыбыз керек.

2.2021-2022-окуу жылына карата календардык пландарыбызды окуу жылы башталгыча бүтүрүп,директорго бекиттирип,даярдап коелу.Планды түзүүдө ар бир чейректе өтүлүүчү сабактардын саатын санап,окуу планы менен дал келгидей кылып жазалы.Кийин программадан ашып кетүү же жетпей калуу болбошу керек.

Кадыркулова Ж.Н: Министерство тарабынан даяр,күндөрүнөн бери эсептелип,жазылган календарь келип жатат го,ошону менен дал келтирип жазсак,жыл аягында баары такма-так чыгабыз деп ойлойм.

4.Жаңы мектебибиз салынып бүтүп жатат,кабинеттерди жасалгалоо боюнча кандай ойлоруңар жана сунуштарынар бар.

Кулманбетова Г.Б: Биз үй бүлөбүз менен атабыз Аязов Исраилдин атынан автордук кабинет жасайбыз.

Усупова А.С: Биздин үй-бүлөбүз да апабыздын атынан Алымбүбү апа атындагы кабинет ачалы деп чечтик.

Мамбеталиева А.К: Туугандарыбыз менен биргеликте Ажыке ата деген кабинет жасайлы деп чечтик.

Кадыркулова Ж.Н: Мен окуй турган кабинетти Ниязбек агайдын балдары автордук кабинет кылып бермей болушту.

Секция жетекчиси: Демек,кабинеттерибиз автордук болуп жасалат экен.Жасалгалоо боюнча даярдык көрөлү.Кандай тематикада жасалгалайбыз,бири-бирибиз менен акылдашып анан баштайлы.

Чечим:

1.2021-2022-окуу жылына карата Башталгыч класстар секциясынын түзүлгөн планы канааттандырарлык деп табылсын.

2.2021-2022-окуу жылына карата календардык пландарды түзүп,бекиттирүүгө ар бир мугалим милдеттендирилсин.Көзөмол УБ жетекчи Усуповага жүктөлсүн.

3.Окуу кабинеттерин жасалгалооого ар бир кабинет ээлери милдеттендирилет.

УБ жетекчиси: ____________ / Усупова А.С